Бирок, бабалардын эл башкаруудагы жүргүзгөн мыйзамдуу иштери, алардын көрсөткөн эрдиги эл арасындагы оозеки тарыхта сакталып калгандыгы менен баалуу. Ошондуктан биздин милдет ушундай оозеки тарыхты билген билермандардын саны азайып кете электе кагазга түшүрүп, кийинки урпактарга жеткирип берүү болуп эсептелет. Анткени, өткөндөр барктaлбаса, тирүүлөр даңкталбашы талашсыз маселе экендиги белгиленген.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Сыдыкова, К.** Кыргыздар жана индейцтер [Текст] / К.Сыдыкова.- Бишкек, 2012. - 64 б.
2. **Сарыгулов, Д.И.** Кыргыз мамлекеттүүлүгүн сактап калабы ? [Текст] / Бишкек, 2010. – 46 б.
3. **Сейдакматов, К.** Кыргыз тилинин кыскача этимолоиялык сөздүгү [Текст] / К.Сейдакматов.- Фрунзе: Илим, 1988. - 52 б.
4. **Каратаев, О.К.** Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк [Текст] / О.К.Каратаев, С.Н.Эралиев.- Бишкек: Бийиктик, 2005. – 68 б.
5. **Фасмер, М.** Этимологический словарь русского языка [Текст] / М.Фастер.- М.: Прогресс, 1986.- 1Т.- 165 с.
6. **Айтымбетов, О.** Кара кыргыз. Биринчи китеп [Текст] / О.Айтымбетов. - Бишкек, 1995. – 151 б.
7. **Кармыштегин, М.Ө.** Кыргыз мамлекеттүүлүгүндө бийлик мансап аттары [Текст] / Ө.М. Кармыштегин, 2017.
8. **Зулпукаров, К.З.** Введение в китайско-киргизское сравнительное языкознание [Текст] / К.З.Зулпукаров. – Бишкек, 2016. - 691 с.
9. **Насиров, Т.** Мамлекет жана укуктун Ата-Мекендик тарыхы [Текст] / Т.Насиров.- Ош, 2019.- 655 б.
10. Манас эпосунун сөздүгү. С. Мусаевдин редакциясы астында. Бишкек. – 1995. – 41 б.
11. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. I бөлүк, Бишкек, 1984. - 499. - 157 б.
12. **Бутанаев, В.Я.** Хакасча-кыргызча-орусча тарыхый -этнографиялык сөздүк [Текст] / В.Я.Бутанаев, А.Оморов. – Бишкек, 2015.- 331 б.
13. **Сатимбаев, Т.Ө.** Чаткал району-илимий изилдөөлөрдө [Текст] / Т.Ө. Сатимбаев // Республикалык илимий-тажрыйбалык жыйындагы баянд.жыйн. - Жалал-Абад, 2015. – 51 б.
14. Беш-Арал коругунун картасы. – Фрунзе, 1990.
15. **Севортян, Э.В.** Этимологический словарь тюркских языков [Текст] / Э.В.Севортян. – Москва, 1974. С. 24-25.
16. **Ондар, Б.К.** Топонимический словарь Тувы [Текст] / Б.К.Ондар.- Абакан, 2004.- 72 с.
17. **Оморов, А.** Улуу Кыргыз каганатынын аймагындагы жер-суу аттары [Текст] / А.Оморов. – Бишкек, 2019.- 63 б.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.406

Поступила в редакцию: 16.02.2024 г.

**УДК 800.853**

***Надилбек к. Б.***

*преп. Ошского технологического универ. им. М.М.Адышева, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ БАТАНЫН БЕРИЛИШИ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары жылуу сөздөр деп аталган бата жөнүндө каралат. Изилдөөнүн максаты - кыргыз тилинде “бата” түшүнүгүнүн берилиши, илимпоздордун көз караштарын берүү болуп эсептелинет. Изилдөөнүн методу- баяндап жазуу колдонулган. Кыргыз турмушунда батанын психологиялык жана идеологиялык жагы гана эмес, негизинен пенделик ролу абдан жогору болгондугу. Мында батанын, алкыштын табияты, алгачкы Умай Эненин батасы, кыргыз тилинде бата түшүнүгү берилген. Бата –фольклордун башка жанрлары сыяктуу эле элдик маданияттын негизинде өнүгүп, стадиялуу катмарда калыптанып келген салттуу, орток поэзиянын бир бөлүгү. Кыргыздын ак баталары, “жылуу сөздөр” деп аталат да, бул жылуу сөздөрдү айтканда, адамдын дили жумшарып эле калбай жылан мөйүп ак сөзгө таазим этип, “жылан ийинден чыгат” деген бек ишенимде болгон. Кыргыз турмушунда батанын психологиялык жана идеологиялык жагы*

*гана эмес, негизинен пенделик ролу абдан жогору болгондугу. Жумушта бата түшүнүгү жана касиети, орду боюнча маалымат, мисалдар берилип, этималогиясы чечмеленди.*

***Негизги сөздөр:*** *бата; ак бата; жылуу сөздөр; алкыш; Умай эне; рухий күч; батпарачтар; салт; жөрөлгө.*

## ПОЛОЖЕНИЕ БЛОГОСЛОВЕНИЯ НА КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

*Предметом исследования является изучение благословение (бата), так называемых напутственных слов, с точки зрения их содержания. Целью исследования является раскрытие смысла слова «бата» на кыргызском языке, разные взгляды ученых и обозрение специфических особенностей этого описания. Метод исследование основана на текстовом анализе. В данной статье освещается природа «бата», начало его развития, толкование на кыргызском языке. «Бата» – это часть поэзии, развившаяся на основе национального фольклора, структурированная в специфических категориях и канонических формах. В кыргызской культуре бата является не только психологическим и идеологическим явлением, но также играет важную роль в общественных отношениях. Работа предлагает анализ структуры «бата», характерные свойства,информацию о содержании, этимологию и примеры.*

***Ключевые слова:*** *благословение; белое благословение; добрые слова; Умай эне; духовная сила; ангелы; традиция; обряд.*

## WISH AND BLESSING IN KYRGYZ LANGUAGE

*The subject of the study is the study of blessing (bata), the so-called parting words, from the point of view of their content. This article highlights the nature of "bata", the beginning of its development, and interpretation in the Kyrgyz language. "Bata" is a part of poetry that developed on the basis of national folklore, structured in specific categories and canonical forms. The purpose of the study is to reveal the meaning of the word "bata" in the Kyrgyz language, different views of scientists and an overview of the specific features of this description. The study methodology is based on text analysis. Disclosure of the broad meaning of baht in the Kyrgyz language represents the relevance of this article. In Kyrgyz culture, bata is not only a psychological and ideological phenomenon, but also plays an important role in social relations. The article offers an analysis of the structure of "bata", characteristic properties, information about the content, etymology and examples.*

***Key words****: blessing; white blessing; warm words; Umai ene; spiritual power; angels; tradition; ritual.*

**Киришүү.** Жумушта «Бата» боюнча анын изилденишине, окумуштуулардын айрым пикирлерине чакан сересеп салабыз. Батаны оозеки чыгармачылыктын жанры катары, ата-бабалардан бери келе жаткан элдик накыл сөз казынасы экенин белгилөө максатында, кийинки муунга өткөрүп берүүгө аракет кылдык. Батанын негизги предмети –жылуу сөздөр.

«Бата» арапча بركة «фатиха» сөзүнөн алынып «баштоочу», «ачылыш», «башталыш» деген маанини туюндурат. Өтмө мааниде кайсы бир иш-аракет башталарда же аяктаганда айтыла турган жылуу сөздөр.

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө "бата" боюнча төмөндөгүдөй берилген: «БАТА:

1. Курандын бет ачаар биринчи сүрөөсү; 2. Кандайдыр бир иштин башталышына, аякталышына байланыштуу же жалпы эле ак жол айтуу максатында алаканын жая жакшы тилегин билдирүү расмиси. *Тилемчи эки алаканын кеңири жайып, бата берди* (Абдукаримов). *Сүрөттү карап, мен андан жолума ак тилек бата алып жаткан өңдүү, аны көпкө көз айырбай тиктейм* (Айтматов); 3. Дүйнөдөн кайткан адамга арнап, же үйүнө барып куран окуу; 4. Ак тилек, алкыш, жакшылык каалоо. *Кол көтөрүп дубага Бата кылып алганы* ("Манас", С.О.) *Агай кандан бата алып, Жоодар жөнөп калды эле* ("Эл адабияты") [1].

Бата элди бириктирген, турмушунда иш-аракеттеринин ачык максаттын айланасында баш коштуруучу, дем берүүчү рухий күч. Кыргыз эл каадалуу калк болгон, тээ эзелтен ереже-

талаптарды бек тутуп келген жана жашоосунда батанын ролу чоң. Бата салты, жөрөлгөлөрү көчмөндөр цивилизациясынын коомунда кыргыз журтуна табылгыс рухий тирек болгон. Ал кыргыздын рух дүйнөсүндөгү өзгөчө касиеттештирилген жана кастарлаган жөрөлгө экенин билебиз. Кыргыз турмушунда батанын психологиялык жана идеологиялык жагы гана эмес, негизинен пенделик ролу абдан жогору болгондугу [2]. Кыргыз таануучу, "Бакдөөлөт" коомдук фондунун жетекчиси Мелис Мураталиев Спутникке берген маегинде батанын этимологиясы боюнча мындай ойун билдирген: "бата" "фатиха" деген курандын биринчи сүрөсүнөн кыргыз тилине ылайыкташып, тыбыштык өзгөрүүлөргө дуушар болгон дешет. Менимче, бул туура эмес божомол. Анткени эгер илимге таянып айта турган болсок, тилдин этимологиясында өзгөрүүлөр 500 жылда бир тыбыш түшүп же кошулуп калышы мүмкүн экен" [3]. Ошондой эле бата боюнча жеке көз карашын билдирип, ислам дининин кыргыздарга келиши менен "фатиха"сөзүнүн "бата" болуп кыскарып, өзгөрүп кетиши убакыт жагынан да туура келбестигин, экинчиден "фатиха-патха", анан "бата" болуп калышы такыр эле коошпогонун айтат. Бул сөздүн өзүнө ба+та деп эки муундан туруп жатат, кыргыз тилинде созулма үндүү бар экендигин, аны эске алуу менен "баа" жана "таа" деген эки сөздүн куралышынан келип чыкканбы деген пикирин билдирет. "Анткени кыргызда баа деп бир нерсенин наркын айтат, ал эми "таа" деп чүкөдө алчы, таа, таа турду деп айтылат. Бул эң бийиги, эң мыктысы дегенди түшүндүрөт, бирөө ток этер жерин, өзөгүн айтканда таасын айтты дейт кыргыз. Демек, таа деген уңгу бир нерсенин өзөгү, маңызы дегенди түшүндүрүп, кийинчерек бул сөздү көп колдонбой калдык". Мелис Мураталиев мына ушул эки сөздүн куралышы менен өзөгүнө, негизине, маңызына баасын берди деген маанини түшүндүрүш үчүн "бата" сөзү келип чыккандыгын түшүндүрмө берген [3].

"Бул бата алуунун нукура жөрөлгөсүнөн алыстап кеткендик, бата эч убакта жеке бир иштерге суралбайт, элдин кызыкчылыгын, мүдөөсүн, муктаждыгын чече турган ишке, ошол коомдон бирөө жоопкерчилик алып бир жака аттанып жатса же бир иш баштаса, мына ошондо бата беришкен. "Жолуң ачылсын", "сапарың байсалдуу болсун" деген баталар мына ушундай учурларда айтылган. Эгер билим алуу үчүн алыс жолго чыгып жатса, ошол окуган окуусу өз элине үзүрүн берсин деген ниетте бата беришкен. "Жеңил барып, оор кел", "көп билимге ээ бол, калкыңа жарык чачар, пайдасы тиер илим алып кайт" деген ойлорун билдирген [3].

Мелис Мураталиев батаны үч түргө бөлүп айткан:

**Биринчи — бул элге кадыры сиңген, кызматы өткөн сыйлуу адамдар**. Өздөрү бата менен көгөрүп, өсүп, батанын баркын билген, анын ордун, маанисин, салмагын түшүнгөн, калкы үчүн көп жакшы иштерди жасаган адамдардан бата сурашкан;

**Экинчи — жумурай журттун батасы**. Бул баталардын эң күчтүүсү болуп эсептелет. Азыркы заманда спортчуларыбызды мисалга алсак, учурда элдин батасына арзып жаткан балбан кызыбыз Айсулуу Тыныбекованын ар бир мелдешин эл сүрөп, эл колдоп "Жеңиш менен кел", "Кыргыздын сыймыгын арттыр" деген сыяктуу сөздөрдү айтып, жазып жатышпайбы. Мына ушул — бата, болгондо да эң күчтүү болгон калктын батасы, журт арзуусуна ээ болгон адамга сөзсүз түрдө калкынын батасы тиет;

**Үчүнчү — кайып дүйнө батасы** деген түшүнүк болгон. Азыркы заманда бул тууралуу көп айтылбай калды. Мисал катары "Манас" эпосун алсак болот. Бизде азыр эпосту оозуна куюп койгондой айтып жаткан манасчыларыбыз бар. Алардын дээрлик бардыгы түшүндө кимдир бирөө манас айт дегенин же оозуна кочуштап бирдеме куйганын, болбосо кесе кылкылдаган суусундук берсе аны ичип четин оң албай койгонун, айтор, мына ушундай кайып дүйнө менен болгон байланыштардан кийин манас айта баштаганын билдиришет. Төкмөчүлүк

деле ушундай. Бул өнөр эмес, кийин үйрөнүп алгыдай, адам жамакчы болуп төрөлүшү мүмкүн, бирок төкмөчүлүк кайыптан берилет” [3].

Ал эми салыштыра келсек батаны айткан адамдар да дал ушундай касиет келгени жөнүндө айтып, окшош жактарын далил катары Калканбай Ашымбаев өз маегинде айтып жүрөт, “оозуман бата түшпөй калды”- деп эскергени бар. Демек, батакөй, батачы бул да касиет. Мелис Мураталиев батаны алууда чоң жоопкерчилик экенин баса белгилейт. Батаны жасаган иши менен элге пайда алып келген, балдарынын ичинен тың чыкма бирин тандап элден бата сураганын, батаны жөн ишке жеке адамдын кызыкчылыгы үчүн берген эмес дейт. Анын пикиринде элге пайда алып келгенде же эл үчүн чоң жолго, жумушка аттанганда эл жапырып бата бергенин айтат. Чогулган эл "өркөнүң өссүн", "элдин уулу бол", "атаңдан артык уул бол", "атага тете уул бол" деген сыяктуу баталарын беришкен.

Бата жөнүндө көптөгөн окумуштуулар монографиялар, окуу китептери жазышкан. Мисалы, Т. Абдылдабековдун «Бата ал!» китебинде батанын 700дөн ашуун түрү белгиленген. Анда кыргыздын кут ааламынан баштап, Жалгыздын жары – кудай! Эгиздин түгөйү – ыйык!, Үчтүн бири – Кут Тумар!, Бештин бири – бек жолдош!, Жетинин бири – Кыдыр!, Тогуздун бири – Тоом!, Он экинин бири – Олуя!, Дос күтсөң, он экини күт!, Он экине түт!, Көкө Теңир мээримине бөлөгөндөр!, Көөдөнүнө көп бата чөгөргөндөр!, Көк Асман касиетинен уюп түшүп! Көзү ачык, батакөй төрөлгөндөр!!! Кайрыламын барыңа! Келгиле Бата жанына! [2].

Бата алган адам кандай болот? деген суроого Т. Абдылдабеков “Бата ал!” деген эмгегинде мынтип жооп берген:

“Бата – тилек атасы!
Бата деген ниет болоор!
Бар дилиңе тирек болоор!
Эл батасы – эң бийик!
Эр жигитке – эң ыйык!
Бата алган жолдуу болот!!
Бардык иши оңдуу болот!!
Бата дили ак болот,
Бата алганга бак конок.
Бата жолу жуп болот,
Бата алганга Кут конот!
Ата батасы – тагдыр!
Анын жолу даңгыр!
Эне батасы – Эң Ыйык Тилек!
Эстүү кызга – Эң Бийик Тирек!!
Оомийин!” [2].

К.Ибрамовдун “Бата, тилек айтымдары” деген эмгегинде батаны оозеки чыгармачылыкта изилденбей келаткан жанр катары, бабалардан келаткан элдик накыл сөз казынасы экенин белгилеп, төмөнкүдөй корутундууга келет: “Сөз касиетине чындап ишенип, кандайдыр бир сырткы күч тилекти кабыл кылып, каалаганыңды берет деген түшүнүктөн улам пайда болуп, кыргыз фольклорунда бүгүнкүгө чейин сакталып келген бата –тилек сөздөрү аз эмес. Бата түшүнүгү ооз эки чыгармачылыкта өнүгүп келе жаткан жанр. Бирок 1920-жылдардын башында таластык Жанузак Шекербек уулунун, Карагул Мусулман уулунан, Ыйманкул Кочкорбай уулунан жазып алынган азыраак материалдарды эске албаганда, бата сөздөрү учурунда толук жыйналып, жазылып калган эмес. Мындай

чыгармаларды жарыялоо, изилдөө иштери азыркыга чейин жокко эсе" [4]. Ошондой эле окумуштуу эмгегинде бата –тилек, алкыш, каргыш сөздөрүн кыргыз элинин өз үрп-адатына ылайыкташып, элдин турмуш-тиричилик тажрыйбаларынан улам келип чыккандыгын, баталар мазмунга бай, ар түркүн келишин белгилейт: Карап көрсөк: "Эки аяктууну эсен кыл, төрт аяктууну түгөл кыл. Калкты ордунда кыл, канды тагында кыл. Желесин узарт, жергесин көбөйт. Ак сакалдуу сары тиштүү бол. Аллоху-акбар!" [4].

Батанын кайсыл жанрдык топко кириши жөнүндө азырка чейин чоң полемикалар жүрөт: "Казак фольклористтеринин изилдөө иштеринде бата, тилек ырлары жөнүндө атайы сөз болот, бирок жанрдык тобу, кайсы түргө же жанрга жата тургандыгы боюнча көз караштар бирдей эмес. Н. Турекулов алкыш, бата, тилек ырлары менен жаразаманды насыят ырларына кошуп карайт. Ал эми Б. Уахатов болсо үрп-адат ырларына жакын экенин белгилеп: "Казактын эзелтен келаткан үрп-адатынан пайда болгон, батагөй карыялар айта турган сөз өнөрүнүн бир түрү" – деп жазат" [4]. Бирок, жогоруда берилген маалымааттарга карасак батаны, жаразаманга кошуп, насыят ырларына кошкондугу бир аз туура эместей менин оюмда. Бата да, эч кандай лирикалуу ыр болуп кетпейт, чын дилден бата берилет, а жаразаманда үн коштолуп, ырдалат, шаң менен шөкөттөлөт. Биздин ата-бабаларыбыз тээ эзелтеден эле батага бекем ишенип келген, анын күчү жоголо элек.

Батаны берүү жөрөлгөсү болгон:

1. Батаны ким эмнеге муктаж экенин билип бата берген;
2. Жаш курагына жараша бата берген;
3. Жынысына карап, бата берген;
4. Кырдаалга жараша бата берген;
5. Суранганына карап, бата берген;
6. Элдин атынан бара жаткан жумушка бата берген;
7. Мекенине салым кошуп, элдин алкышына алынганда бата берген.

Бата алып жатканда, адам ичинен башка тилектерин кошо айтып суранып, бата алат. Мисалы, ооруп жаткан болсо ден соолук сурап; балалуу болбосо, бала сурап; иши жүрүшпөй жатса, иштин илгерилешин сурап. Ошондой эле бак, дөөлөт, бакыт, кубаныч, ырыскы, береке, оомат, жакшылык, аброй, билим жана башка көптөгөн тилектерин айтып бата алышкан. Экөө эриш аркак жүрөт. Бири-бирин толуктап турат. Алгач, адам бир нерсени каалайт анан аны тилеп, тилегин айтып, Кудайдан сурайт, ага бата берилген соң тилеги ишке ашып, орундалат. Бата алдым деп бекем ишеним, адамга "нур", энергия тартуулайт, кубаттанат. Демек, бул эки компонент эриш-аркак толуктайт.

Батаны сурашы боюнча да К.Ибраимовдун эмгегине токтолсок:

"Оомийин! демек сизден,
Бата берген бизден.
Туу бээң чалкак сары төлдөн,
Музооң ондон,
Сыйыры жоондон.
Жылкың жүздөн,
Коюң миңден." деген ыр саптары менен берген [4].

Бата берген аксакал, батакөй же батачы бата берип жатканда , батанын алып жаткан адам ичинен "Оомийин!" деп айтылышы керек экенини далилдеп жатат. Жылың тумандуу, жылкың кунандуу, керегең кептүү, кызың кылыктуу, келиниң септүү, кара башың ардактуу болсун деген пикирлер айтылат [4].

Батанын алгачкы илимий ишке түшүрүүдө, кыргызда бата алгач кайсы доордо башталганы боюнча, Түгөлбай Сыдыкбековдун “Көк асаба” деп аталган эмгегинде “... сегиз уулдун улуусу Түрк дедик. Ияфас дүйнөдөн өткөндө Түрк ата тагына олтурду” деп башталат [5]. Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба” деген эмгегинде сегиз улуусу Түрк ата болгон, ал акылдуу, адептүү падыша болуп, элди башкарат. Түрктөн тогуз уул кандык доор өткөрүп, балдарынын ичинен акылдуу, дөөлөттүүсү Тутүк болду. Ал салт-санааны иштеп чыгат, эки жүз жыл өмүр сүрүп, Тутүк дүйнөдөн өтөт. Элчикан башкарат, андан кийин Аланча кандыкка келет, башкарган эл дөөлөттүү болот. Дөөлөттөн эскиргендер бутпарачтык башталып, Аланчадан эгиз уулдар төрөлүп, бири- Татар, бири- Магул. Алар чоңоюп эр жеткенде, эли экиге бөлүп, элди ыдыратат. Татар кандын жети уулу доор өткөрүп, Магул кандын ордуна уулу Каракан кан келет. Мына ошол мезгилде адепсиздик башталат. Элдин ичинде Теңирди таанибаган адамдар көбөйө баштайт. Каракан киши колдуу болуп, бул дүйнө менен кош айтышат. Анын ордуна Уузкан келет. Анын көзү ачык касиети менен төрөлөт. Кандыкка келгенден тарта тартипке келтирип, акылман бутпарачтарды оң жолго салат. Уузкандын жыйырма төрт небереси болгон. Мына ошолордун ичинен кенжеси – Кыргыз эли [5]. Алгачкы кыргыздын ата-теги, түптөлүшү, салт-санаанын жаралышы, элдин аң-сезимин ойготуп, бутпарачтарды жок кылуу аракети берилген, кыргыз элинин түптөлүшү, теги жөнүндө так тарыхый маалыматтар берилген. Сыдыкбековдун “Көк сасаба” китебинин 15-бетинде кыргыз жергесинде бейкут жатып, мал багып, эгин айдап, темир чыңап, ак балта согуп күн кечиришкен. Мына ошол мезгилде Ырыс, Даркан деген билгилер жашаган. Тай-Туяк баатыр өткөн, Айган кан менен урушууну каалабаган кыргыз элине кол салат. Кыргында далай кыргыздар өлөт, тирүүлөрү бытырашат [5].

Ошол жылдар 201-жылга туш келээрин В.В Бартольд минтип айткан: “Ал кезде Енисейде жердеген кыргыздар эски доордун 201-жылынан кытай маалыматтарында белгилүү” [5]. 201-жылы кыргыздар Енисейде жердеген болсо, демек буга чейин да жашагандыгы жана Умай эненин батасы ошол мезгилде берилип жатат. Сыдыкбековдун китебинде бата тууралуу алгачкы мисалдарын карап көрсөк: “Бар болуң!” деген алкоо ушул жерде кыргыздын баласы Жаш Тегинге карап: “-Бар болуң, журтумдун ээси! - деди Эр-Киши. Анан ал уучунда калган топуракты татынакай тумарча тигилген жибек боолуу жибек баштыкка эптүү батырды. Боосун мойнуна илип, баштыкты анан койнуна катты: -Эр атаңдын тирүү арбагы сени жердин бетинде баштасын!” деп берилген [5].

Жаш Тегинди Ак боз кунанга отургузуп бара жатканда, артынан үзбөй карап келаткан Эр-Киши минтип тилек кылат:

“ –Оо эл багып, эр өткөн бабалар, колдоң!

Арабызда тирүү жүргөн арбагыңа табынабыз. Эр бабам, бизге күч бериң! Төбөдө Көк, төмөндө түктүү Жер, бизди колдоң.. Чап, чап, уул! Сени бабаң тосуп олтуру. Чап!- деди [5].

Кең өзөндө дарыя жаадай ийилип, оң канат, сол канат болуп бөлүнүп, колдоруна оймо-чиймеленген сөздөр жазылган: Анда Теңир жакшылыкты этип, үстүдө ачык Көк, астыда түктүү Жер жалгасын бу Эр-Күлчурдун ак ордосу [5]. Энеси Сайкал мууздалган аксарбашылды ысык канын толгон күмүш аякты алар замат Жаш-Тегиндин башына айлантты:

“ - Баш көзү, журт ээси бол! Каның бөксөрсө, эр уул саа кан толтурсун! Каруун тайыса, эр пишер саа каруу кошсун!

-Душманың тизе бүксүн!”

Сайкал энеси алкап, кан аякты көкүлүнүн үстүнөн айлантып, четке карай ыргытат. Ордо эшигинин алдында Умай эне Жаш-тегинди алкап бата берет:

“ –Жогортон ачык Көк, төмөндөн ыйык Жер колдосун, чырак! Эр бабаң жылоолосун! Жоо бетиңен чыкпасын! Сени эл журт унутпасын!

Жаш-Тегинди жумшак колу толо шакеги менен бетин сыдырды.

“ - Бар, уул. Бабаңдан бата тилен!” деди Умай эне [5].

Ачык эшикти Жаш Тегин көздөй чуркап кирип барды, ичинде ак сакалы апакай, төрдө олтурган ажоо бабасынын жанына басты. Ошол учурда канат сермелип айырмачтын кашына коно калган шумкарды Эр-Киши мээлейсиз колуна кондуруп, баланын артына кирип барды. Ошол учурда бала тизесин бүгүп, жоокерлердин салтын улап, колун бооруна алат.

“ - Эр адамдын кушу адегенде башыма, анан ийниме конду!-деди.

Кары кайраттанып айтып жатты:

“Бабаң колдоду, уул! Башыңа кушу конду” [5].

Мына ушул жерде да “Бабаң колдоду”, уул! Башыңа кушу конду” демек, берилген бата кабыл болду, бакыттын кушу конду деген бекем ишеним мына ошол учурда берилип жатат. Ага улай биз “Куш бооңор бек болсун!”, “Куш келиңиз!” деген сөздөр менен амандашып, алкап келебиз, мүмкүн түбү ошондо берилгендир. Жада калса, иши жүрүшпөй жүргөн, жөн жай адамдын башына, желкесине канаттуу улуу сара кылып кетсе, “Оо ишиң жүрүшөт экен, оңунан келет экен” деп жакшылыкка жооруган кыргыз, бүгүнкү күндө да ошентип жакшылыкка жооруйт.

“ Бабаң колдоду уул, башыңа кушу конду. Кичик болбо, чоң бол, эссиз болбо, билги бол! Минген атың жайдак калбасын! Кирген үйүң чамгарактуу болсун! Артыңдан кошуун ээрчисин! Атыңды эл унутпасын! –Адылтай ажо эки алаканын жая төбөдөн бийик көтөрдү. –Уа, үстү ачык Көк, түктүү жер ыйык Жер мынобу жаш балага акыл менен күчтүү аябас? Ачка болсо эминеден ачка болгонун байкабаган, ток болсо эминеден ток болгонун байкабаган биздин момун журтубуз баштуу болсун!” [5]. Адылтай алакан жайып бата бергенде, сырттагы адамдар кошо күңгүрөп, дем берип, колдоп турушту.

-Бата!

Үйдөгүлөр, короодогулар, тээ дарыя боюндагылар баары бири-бирин көрүп, Көккө алакан тосушуп, үч кайра кайталап, жакшылык сурашты.

- Уа, Көк Теңир, биздин журтка кут бериң!
- Кут бериң!
- Кут бериң!

Бата айтылгандан кийин, ажо жанатан алдында туура жаткан болот тинтени жалтыратып баланын алаканына салды да, балага тосту.

Элден кетпейм! Ак жолдон тайыбайм!”-деп, ак тинденин мизин өөп, уул! Бала үч жолу айтканындай кайталап, бата алып журтту башкарууга белсенет” [5].

Жогоруда берилген тарыхый так маалыматтар, бата, тилек түшүнүгүүнүн 201-жылдардагы окуялар тастыктап жатат. Демек бата, тилек түшүнүктөрү ислам диндин келишине чейин жашагандыгы мисалдар далил болду.

Окумуштуу А. Джапанов “Алкоолор, ак баталар, ырым-жырымдар” аттуу эмгегинде ак батага төмөнкүдөй түшүндүрмө берет: “Ак бата уйкаштык жагынан кудум эле ырдай түзүлөт. Бул жагынан алып караганда кыргыз ырларынын бир түрү деп ыйгарсак да жаңылбайбыз... Эмесе ак бата дегенибиз тыянактап айтканда алкоо. Кыргыз улуту алкоону эненин мээриндей тагдыр-таалайынын сүйгөндөй сезет. Кыргыздын ак баталары, “жылуу сөздөр” деп аталат да, бул жылуу сөздөрдү айтканда, адамдын дили жумшарып эле калбай жылан мөйүп ак сөзгө таазим этип, “жылан ийинден чыгат” деген бек ишенимге чейин барып жеткен. Алкыш, ак бата кыска, учкул мааниге ээ” [6].

Белгилүү окумуштуу Хусейин Карасаев , бата сөзү үч маанини туюндураарын белгилейт:
“1. Курандын биринчи сүрөөсү;
2. Кыскача Кудайга жалынуу (мисалы тамак ичилип бүткөндөн кийин);
3. Тилек тилөө, тилек айтуу!” [7].

Кайраттуу чыккан катардан, кабылан Кошой аталган. Батасы журтту байыткан, байкаган жанды марыткан. Карыя бата берген кезде көзү менен көргөн, кулагы менен уккан жан кайдыгер калбай, баары карашып, бата – сөзүнүн улуу касиети элдин көңүл дүйнөсүндө зор ишеним арттырып, сөздүн түпкү маанисине үңүлүп көргөнүбүздө, байыркы мезгилдерде адамдардын магиялык күчкө, табияттын ар кандай кубулушуна саресеп салганын байкоого болот. Сөздүн күчүнө ишеним артуу, жаратылыш кубулуштарынын ар кандай процесстеринен улам сыйынуу, табынуу элдик ырлардын алгачкы белгилери. Алкыш ырлары мазмуну менен баалуу, жамактата, жорголоп айтылган ыр саптары көркөм поэтикалуулукка ээ болуу менен салттуу туруктуу поэтикалык стилде калыптангандыгын белгилөөгө болот [7].

“Байгамбар батасын берсин,
Бай дөөлөтүн берсин.
Теңир ата жан берсин,
Умай эне бак берсин.
Казаныңа аш берсин” [7].

Жогорудагы мисалда берилгендей Байгамбар батасын берсин , бай дөөлөтүн Теңир ата жан берсе, Умай эне бак бере турганы көрүнүп турат. Жаш балдарга Умай эненин колу эм болуп келген. Апаларыбыз менин колум эмес, Умай эненин колу деп эмдеп, кинделеп койгон. Баланын көчүгү көк-ала болуп калса, Умай энең тартипке салыптыр деген түшүнүк болгон. Умай эне, балама таттуу уйку бер деп алдейлеп, уктатышкан. Кыргыздын түптөлүшүндө “бата” анын ичинде Умай эненин батасы, аксакал абройуу бар инсандын батасы зор таасир эткенин жогоруда берилген мисалдар, фактылар менен бөлүшүп кеттик.

## Жыйынтык

Кыргыз элинде бата түшүнүгүнүн тамыры тереңде экенин белгилей кетүү керек. Ал адамды бардык турмуштук кырдаалдарда коштоп, тарбиялоочу, коргоочу жана бата берүүчү кызматтарды аткарган. Кыргыз элинин “Бата берүү” салтынын феномени жогорку деңгээлде турат. “Бата” сыйкырдуу-колдонмо функцияны аткарып, өзүнүн өнүгүүсүнүн жаңы айлампасын башынан өткөрүп жатканы белгиленген.

## Адабияттар тизмеси:


1. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] / 1-т. - 2019.- 800 б.
2. **Абдылдабеков, Т.** Бата ал! Сага керек! Дилиңе тирек! [Текст] / Т.Абдылдабеков.- Бишкек: Макспиринт, 2016. - 222 б.
3. Спутник кж. сайты 16.12.2021 [Электрондук ресурс] https://sputnik.kg/20210321/bata-tuuraluu-maek-1051850483.html
4. **Ибраимов, К.** Бата, тилек айтымдары [Текст] / К.Ибраимов // Вестник. Нарын мамлек. универ.- Нарын: МУ, 2000.- Б. 123-126.
5. **Сыдыкбеков, Т.** Көк асаба [Текст] / Т.Сыдыкбеков.- Бишкек, 2018. - 556 б.
6. **Джапанов, А.** Алкоолор, ак баталар, ырым-жырымдар [Текст] / А.Джапанов.- Бишкек: Турар, 2011. – Б. 3-4.
7. **Акматалиев, А.** Кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст] / А. Акматалиев.-Бишкек, 2004.- Б. 292-293.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.407

Поступила в редакцию: 19.02.2024 г.